**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН**
**АНЫКТАМАСЫ**

Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун
кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2025-жылдын 23-июну Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы: М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы Н.Ж. Жанышбекованын катышуусунда, Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун кайрылуусун карап чыгып,

**Т А П Т Ы:**

2025-жылдын 22-майында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна М.М. Жорокуловдун “Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын “анын 3 жылы биринчи инстанцияда жана 2 жылы экинчи инстанцияда” деген сөздөр менен баяндалган 19-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-абзацынын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 37-беренесинин 3-бөлүгүнө, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө, 94-беренесинин 3-бөлүгүнө жана 95-беренесинин 5-бөлүгүнүн 2-абзацына ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуудан белгилүү болгондой, талашылып жаткан ченемдик жободо Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясынын кызмат ордуна талапкерлерге беш жылдан кем эмес судьялык иш стажынын, анын

ичинен 3 жылдан кем эмес биринчи инстанцияда, 2 жылдан кем эмес экинчи инстанциядагы судьялык стажынын болушу талабын белгилейт.

Арыз ээси Конституциянын 95-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, Жогорку соттун судьялыгына талапкерлерге сот инстанцияларынын ортосунда стаждын бөлүштүрүлүшүн тактабастан, 5 жылдан кем эмес судьялык иш стажынын болушун камтыган талап коюлгандыгын көрсөтөт. Ушуга байланыштуу М.М. Жорокулов талашылып жаткан ченемде камтылган мыйзамдык толуктоо конституциялык жөнгө салуунун алкагынан сырткары деп эсептейт.

Өтүнүч ээси талап кылынган 5 жылдык иш тажрыйбасын бөлүштүрүү талапкерлер үчүн аткарууга мүмкүн эмес объективдүү шарттарды, мисалы, түздөн-түз биринчи инстанциянын судьясынын кызмат ордуна дайындалган учурларда, жаратат деп белгилейт. Натыйжада судьялар калган стажды алуу үчүн аларды башка инстанцияга дайындаган органга көз каранды абалда болуп калышат, бул судьялардын көз карандысыздыгы принцибин бузат.

Кайрылуунунун субьектиси, бул түзүлгөн кырдаал бир гана инстанцияда иштеген квалификациялуу талапкерлердин, анын ичинде Конституциялык соттун судьяларын кызмат орунду ээлөө мүмкүнчүлүгүн чектейт, ошондой эле Конституциянын 37-беренесинин 3-бөлүгүндө бекитилген жарандардын мамлекеттик кызматка бирдей жетүүсүнүн жана кызмат боюнча көтөрүлүүсүнүн конституциялык кепилдиктерин олуттуу түрдө бузгандыгын баса белгилейт.

Муну менен бирге кайрылуунун субъектиси биринчи жана экинчи инстанциядагы соттордун ортосунда укуктук айырмачылыктар жок экендигин белгилейт, анткени экөө тең жергиликтүү соттордун категориясына кирет, бул Конституциянын 94-беренесинин 3-бөлүгүндө белгиленген.

М.М. Жорокулов өз позициясын негиздөөдө, Кыргыз Республикасынын Конституциялык палатасынын 2019-жылдын 1-

февралындагы Чечиминде баяндалган укуктук позицияга да шилтеме кылган, анда судьялык кызмат орундарга талапкерлердин чөйрөсүн ашыкча чектөөнүн терс кесепеттери көрсөтүлгөн.

Мындан тышкары, өтүнүч ээси эл аралык тажрыйбага көңүл буруп, Жогорку соттун судьяларына коюлуучу талаптар сот инстанцияларынын ортосунда стажды формалдуу бөлүштүрүүгө эмес, алардын кесиптик тажрыйбасына, квалификациясына, моралдык туруктуулугуна жана жетилгендигине байланыштуу болушу керектигин көрсөтөт. Ал мындай чектөө Конституцияда көрсөтүлгөн мыйзамдуу максаттарга – улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти сактоого, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоого кызмат кылбай тургандыгын баса белгилейт.

Баяндалганды эске алуу менен, өтүнүч ээси талашылып жаткан ченемди Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну суранат.

Судьялар коллегиясы М.М. Жорокуловдун өтүнүчүн жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, тиешелүү текшерүүнү жүргүзгөн судья-баяндамачы М.Р. Бобукееванын маалыматын угуп, төмөнкүдөй тыянакка келди.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 26-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Конституциялык сотко өтүнүч түрүндө берилген, ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарына жооп берген кайрылуу Конституциялык сотто ишти кароого себеп болуп саналат.

М.М. Жорокуловдун өтүнүчү формасы жана мазмуну боюнча “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 19, 21, 26, 27, 28-беренелеринин талаптарына жооп берет.

Арыз ээсинин өтүнүчүнөн жана келтирген жүйөлөрүнөн “Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын “анын 3 жылы биринчи

инстанцияда жана 2 жылы экинчи инстанцияда” деген сөздөр менен баяндалган 19-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-абзацы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 37-беренесинин 3-бөлүгүнө, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө, 94-беренесинин 3-бөлүгүнө жана 95-беренесинин 5-бөлүгүнүн 2-абзацына ылайык келеби деген маселеде аныксыздыктын бар экендигин көрүүгө болот, бул ишти конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароого негиз болуп саналат.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2, 5-бөлүктөрүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун “Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын “анын 3 жылы биринчи инстанцияда жана 2 жылы экинчи инстанцияда” деген сөздөр менен баяндалган 19-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-абзацынын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 37-беренесинин 3-бөлүгүнө, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө, 94-беренесинин 3-бөлүгүнө жана 95-беренесинин 5-бөлүгүнүн 2-абзацына ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.

2. Бул аныктама тараптар тарабынан үч айдын ичинде Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунда даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: ___________ М.Р. Бобукеева

___________ К.А. Дуйшеев

___________Ж.А. Шаршеналиев